**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНӨ КАРАШТУУ МАМЛЕКЕТТИК САЛЫК КЫЗМАТЫ**

**ГОСУДАРСТВЕННАЯ НАЛОГОВАЯ СЛУЖБА ПРИ ПРАВИТЕЛЬСТВЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

_25.06.2018_№ _101_ г.Бишкек ш.

**“Кыргызстандын мыкты салык төлөөчүсү” сертификаттары жана төш белгилери менен сыйлоо жөнүндө**

2017-жылдын жана 2018-жылдын 5-айынын жыйынтыгы боюнча экономиканын өнүгүшүнө олуттуу салым кошкондугу, бюджеттин киреше бөлүгүнүн калыптанышына жигердүү катышкандыгы жана салык мыйзамдарын ак ниети менен аткаргандыгы үчүн, **буйрук кылам:**

1. Тиркемеге ылайык, 2017-жылдагы жана 2018-жылдын 5-айындагы ишмердүүлүгүнүн жетишилген натыйжалары боюнча мыкты салык төлөөчүлөр деп табылсын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматынын “Кыргызстандын мыкты салык төлөөчүсү” сертификаты жана төш белгиси тапшырылсын.
2. Уюштуруу жана укуктук иштери башкармалыгы (Б.С.Каримова) сыйлана турган салык төлөөчүлөргө өз убагында чакыруу жиберсин жана алардын 2018-жылдын 30-июнунда боло турган Кыргыз Республикасынын Салык кызматкерлеринин күнүнө арналган салтанаттуу иш-чарага катышууларын камсыз кылсын.
3. Сатып алуулар жана чарбалык камсыздоо сектору (А.Б.Дуйшеев) тиркемеге ылайык, мыкты салык төлөөчүлөрдүн сертификаттарын жана төш белгилерин даярдасын.
4. Программаларды коштоо жана маалыматтык коопсуздук башкармалыгы ушул буйрукту Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматынын веб-сайтына жайгаштырсын.
5. Ушул буйруктун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматынын төрагасынын орун басары Б.А.Садировго жүктөлсүн.

**Төрага** **Т.Ж.Абжапаров**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө
караштуу Мамлекеттик салык кызматынын
_25.06.2018_ №_101_буйругуна тиркеме

**2017-жылдын жана 2018-жылдын 5-айындагы ишмердүүлүгүнүн натыйжалары боюнча мыкты салык төлөөчүлөрдүн тизмеси**

| № | Салык төлөөчүнүн аталышы | Жетекчисинин аты-жөнү | Аймактык аталышы |
|---|---|---|---|
| **Өндүрүш чөйрөсүнөн** | | | |
| 1. | “Даннург-Юг” жоопкерчилиги чектелген коому | Абдыманапова Бегайым Абдыманаповна | МСКнын Ош шаары жана Ош облусу боюнча Ири салык төлөөчүлөрдү контролдоо башкармалыгы |
| 2. | “Нур”жоопкерчилиги чектелген коому | Абдыназаров Нурбек Рахманбердиевич | МСКнын Сулюкта шаары боюнча башкармалыгы |
| 3. | “Улан” ачык акционердик коому | Степанов Владимир Вячеславович | МСКнын Каракол шаары боюнча башкармалыгы |
| **Айыл чарба чөйрөсүнөн** | | | |
| 4. | “Ак-Куу” ачык акционердик коому | Малабаева Нургуль Маликовна | МСКнын Сокулук району боюнча башкармалыгы |
| **Соода чөйрөсүнөн** | | | |
| 5. | “Кулуке” жоопкерчилиги чектелген коому | Ибраев Нурлан Кулукеевич | МСКнын Бишкек шаары жана Чүй облусу боюнча Ири салык төлөөчүлөрдү контролдоо башкармалыгы |
| 6. | “Сталь Торг” жоопкерчилиги чектелген коому | Мистрюкова Марина Владимировна | МСКнын Ленин району боюнча башкармалыгы |
| 7. | “РУСТЭЛЬ” жоопкерчилиги чектелген коому | Даниленко Ирина Владимировна | МСКнын Бишкек шаары жана Чүй облусу боюнча Ири салык төлөөчүлөрдү контролдоо башкармалыгы |